
جمعية خدمة المحتوى الإسلامي باللغات
ضيوف الرحمن
hajjumrh.com



# Умранын жана анын өкүмдөрүнүн кыскача баяндамасы

Кыргызча

قرغيزي

ضيوف الرحمن
hajjumrh.com

## Partners in Implementation

Content Association

Rowad Translation

Byenah

IslamHouse

This publication may be printed and disseminated by any means provided that the source is mentioned and no change is made to the text.

Tel : +966 50 244 7000
info@islamiccontent.org
Riyadh 13245-2836
www.islamiccontent.org

ضيوف الرحمن
hajjumrh.com

## Умранын жана анын өкүмдөрүнүн кыскача баяндамасы

Ааламдардын Раббиси Аллахка мактоолор болсун. Пайгамбарыбыз Мухаммадга жана анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

**Андан кийин:**

Бул умра ибадатынын аткарылуу сыпаты, өкүмдөрү, жана адептерин камтыган кыскача китепче. Мында көбүнчө умра ибадатын аткарган адамга зарыл болгон маселелерди баяндоого аракет кылдык.

Бул эмгегибиз калыс Аллахтын ыраазылыгы үчүн болуп, жалпы мусулмандарга пайдалуу болуусун Аллахтан суранабыз.

**Дүйнө тилдеринде Ислам контенттин тейлөө ассоциациясынын илимий комитети**

# Биринчи: Ибадаттын кабыл болуу шарттары

## Эки шарт аткарылмайынча Аллахтын алдында ибадат кабыл кылынбайт:

### Ыклас

мунун мааниси ибадаттын максаты Аллахтын ыраазылыгы жана акырет гана болушу керек. Аллах Таала минтип айткан:

قــــال الله تعـــــالى: ﴿ وَمَآ أُمِــــرُوٓاْ إِلَّا لِيَعۡبُـــــدُواْ ٱللَّهَ مُخۡلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ حُنَفَآءَ ﴾ ،

"Алар бардык ибадаттарды калыс Аллах үчүн аткарууга буйрулган эле..."[1].(Баййина, 5-аят)

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

"Чынында, амалдар ниетке жараша. Ар бир адамга ниет индегиси берилет". [2]

### Ибадатты пайгамбарды сөздө да

амалда да пайгамбарды ээрчип аткаруу. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

"Кимде-ким биздин шариятыбызга анда болбогон жаңы ишти киргизсе, ал артка кайтарылат".[3]

Муслимдин риваятында (1718):

"Кимде-ким биздин шариятыбыз болбогон ишти кылса, ал артка кайтарылат" деп айтылган. [4]




1- Тактап айтканда, ибадаттарын бир гана Аллахка арнап аткарууга, андан башкага ибадат кылуудан жүз бурууга буйрулушкан. Саадинин тафсири (538-бет).

2- Имам Бухари, 1; Имам Муслим 1907.

3- Имам Бухари, 2697; Имам Муслим, 1718.

4- Имам Муслим, 1718.



# Экинчи: Умранын сыпатын жана өкүмдөрүн билип, үйрөнүүнүн өкүмү

Аллах Таалага ибадат кылууну каалаган адамга ошол ибадатты аткаруудагы пайгамбардын жолун билүүсү зарыл: кылган амалы сүннөткө ылайык болуусу үчүн. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарды өзүнө ээрчүүгө, өзүнүн жолу менен жүрүүгө кызыктырып, үндөгөн. Малик бин Хувайристин (ага Аллах ыраазы болсун) риваятында, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Намазыңарды менин намаз окуганымды көргөнүңөрдөй окугула!" (5) Жаабир (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: "Курмандык чалуу күнү пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төөсүнүн үстүндө шайтанга таш атып жатканын көрдүм. Ал: "Ажыда аткара турган амалыңарды көрүп калгыла! Бул ажылыктан кийин силер менен дагы ажылык кылар-кылбасымды билбеймин"(6) - деди.

5- Имам Бухари, 6008.
6- Имам Муслим, 1297.

# Үчүнчү: умранын артыкчылыгы

**Умранын эки артыкчылыгы бар: бири жалпы артыкчылыгы, экинчиси белгилүү бир убакытка тиешелүү гана артыкчылыгы**

## Жалпы артыкчылыгы:

- Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтты: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Умра эки умранын ортосундагы (майда) күнөөлөргө каффарат (өчүрүүчү болот). Ал эми кабыл болгон ажылыктын сыйы - бейиш". [7]

---

- Абдуллах бин Масуд (ага Аллах ыраазы болсун) айтты: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ажы менен умраны биринин артынан бирин аткаргыла. Анткени ал эки көөрүк (2) темирдин, алтындын жана күмүштүн датын кетиргендей, жакырлыкты жана күнөөнү кетирет. Кабыл болгон ажылыктын сыйы - бейиш". [8.9]

---

**Ал эми убакытка тиешелүү артыкчылыгы, бул Рамазан айына байланыштуу:** Ибн Аббастын (аларга Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) риваятында пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Рамазан айында аткарылган умранын сообу - мени менен ажы аткаргандай соопко тете" (3). [10]

---

7- Имам Бухари, 1773; Имам Муслим, 1349.
8- Имам Тирмизи, 810; Насааи, 2631.
9- Темир устанын отту үйлөгөн жери. "Ат-Тамхид ибн Абдулбарр" (15\102).
10- Тактап айтканда, башка риваятта айтылгандай "Мени менен ажылык кылганга барабар".

ضيوف الرحمن
hajjumrh.com

# Умранын аткарылуу сыпаты



# Биринчи: мийкаттардын өкүмдөрү

Мийкаттар: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчт
ыгы жана мактоосу болсун) дайындап көрсөтүп б
ерген, ажы жана умра кылуучу адамдар ихрамга к
ире турган орундар.

---

Ушул мийкаттардын кайсы биринен ажылыкты же
умраны ниет кылып өткөн адамга ошол жерден и
храмга кирүү ваажыб болот. Ал жерден ихрамсыз
өтүп кетүүсү жайыз эмес.

---

Кимде-ким бул мийкаттардын ичинде, тагыраагы
Меккеге жакын болсо, анын ихрамга кире турган
жери өзүнүн жашаган жери болуп эсептелет. Ажы
га да, умрага да ошол жерден ихрамга кирет.

---

Ал эми Меккенин тургундарынан ким ихрамга кир
үүнү ниет кылса, ажылык үчүн Меккеден эле ихра
мга кирет. Ал эми умра үчүн "Таним" сыяктуу
"хилге" (Харамдын чегинен сырткары жерлер) чы
гып, ошол жерден ихрамга кирет.

---

Самолет менен барган адам мийкаттын үстүнөн
өткөн учурда ихрамга кирет, б.а. чектен өтө элек уч
урда даярданып ихрам кийимин киет. Мийкаттын ту
шуна келген кезде, дароо ниет кылып, талбия айтат
, аэропортко келип түшкөнгө чейин кечиктирүүгө бо
лбойт. Этияттык үчүн мийкатка жеткенге чейин дел
е талбия айта берсе болот, анткени самолет бат уч
уп, чектен өтүп кетүү коркунучу бар.

Ku nekk ci Abiyoŋ: day armal bu tolloo ak Miixaat bi, mu waajal daal di sol yérey armalam laata muy tolloo ak Miixaat bi, bu tolloo ak moom mu yéenee armal fa saasa, du dagan ci moom mu koy yeexe ba wàcc ca Aydapoor ba, man naa fagaru it labbaykawu laata muy tolloo ak Miixaat bi ngir ragal barabu labbaykawu ba di ko raw; ngir gaawaayu Abiyoŋ bi.



# Экинчиси: ихрамдын сыпаты жана өкүмдөрү

## Ихрамга кире турган адам төмөнкү ама лдарды аткарат:

Жуунуу, эркектерге да, аялдарга да бекемделген сүннөт. Мейли аял кишинин айызы же нифасы ке лип жаткан болсо да.

Эң жыттуу атыр ж.б. менен чач-сакалына сүртүү. Анын жыты ихрамдан кийин калып калса деле зы яны жок. Ал эми аялдарга андай жыттуу нерсени колдонгонго болбойт. Анткени, бөтөн эркектер ал ардын жытын искебеши керек.



Ихрам кийимин кийүү, ал эки бөлүктөн турат - иза р жана рида. Ак түстө, таза же жаңы болгону с үннөт. Аялдар өзү каалаган кийими менен ихрамг а кире берет, бирок кийим өтө жасалгалуу болбо шу керек. Ошондой эле аялдар никаб жана кол ка п кийбейт. Бетин жана эки колун башка нерсе мен ен жапса болот.

Ихрамга намаздан кийин кирсе болот. Мейли ал н амаз парз болсун, мейли напил болсун айырмасы жок, бул ваажыб амал эмес.

---

Ихрамды ниет кылганда "Лаббайка Аллахумма ум ратан" (Аллахым Өзүңө умра кылуу үчүн даярмын ) деп айтат. Эгер башка бирөө үчүн умра кылганы келген болсо, анда: "Лаббайка аллахумма умрата н ън фулан" (Аллахым мен баланчанын атынан Өзүңө умра кылганга даярмын" дейт.

---

Эгерде ихрамга кирмекчи болгон адам амалдарын толук аткарууга кайсы бир нерсе тоскоол болорун ан корксо, анда ихрамды ниет кылган учурда "Аллахым Өзүңө умра кылууга даярмын, эгер мага тоскоолдук болсо, ошол учурда ихрамдан чыгам" деп кошумчалап айтат. Ошондон кийин ага кокус т оскоолдук жаралып калса, ошол замат ихрамдан ч ыга берет, ага эч кандай жаза каралбайт.

---

Андан кийин талбия айтууну көбөйтөт. "Лаббайка ал лхумма лаббайк. Лаббайка лаа шарика лака лаббай к. Иннал хамда, ванниъмата лака валмулк, лаа шари ка лак" (4). Эркектер талбияны бийик үнү менен айта т. Эгер бөтөн эркектерге аралаш эмес болсо, аялдар деле бийик үнү менен айтса болот. Талбияны абал, у бакыт өзгөргөндө көбүрөөк айтуу зарыл. Мисалы өйдөгө чыкканда, ылдыйга түшкөндө, же таң атып ба ратканда, кеч крип бараткanda ж.б. [11]

---

11- "Лаббайка" деген сөздүн мааниси: Раббим сенин буйругуңа дайым даярмын де п, инсан Аллахтын буйругун аткарууга даяр туруусу. "Иннал хамда, ванниъмата ла ка вал мулк": "хамд" айтуу Аллахты сүйүү, улуктоо менен бирге Аны толук мактап с ыпаттоо. "Ниъма": бул Аллах Таала Өз берешендиги менен пенде талап кылганды берип, жамандыктан сактаганы. "Мүлк": бийлик, падышалык Аллахка таандык, Алл ах Жалгыз падыша. "Ла шарика лак": Аллахтын Өзүнө гана тиешелүү болгон толук сыпаттарында Ага эч ким шерик боло албайт, Жаратууда, башкарууда, падышалы кта, илахиятта Ал жалгыз деп билүү. (Мажмуь фатаава ва расааил ал-Усаймин, (22\96).

Умарда талбияны ихрамга киргенден баштап
тавафты баштаганга чейин айтуу шарияттын
талабы.

---

Ихрамга кирген адам ихрамдан кайра чыккан
га чейин ихрамды буза турган иштерден этия
т болуусу ваажыб.

## Үчүнчүсү: Тавафтын сыпаты

Ихрамга кирген киши Харам мечитине кирген
де оң буту менен кирип мечитке киргенде айт
ылчу дубаны айтканы сүннөт. Бул дубанын э
ң туурасы: "Аллахумма ифтах лии абвааба р
охматика" (Аллахым, мага рахмат эшиктери
ңди ач). Бул дуба бир эле Харам мечитине э
мес, бардык мечиттерге киргенде айтылат.

---

Таваф кылууга киришерде талбия айтууну
токтотот. Анан "Изтиба" кылат. Изтиба деге
ни: ридасынын тең жарымын он колтугунун
астынан алып сол ийнине таштап, оң колун
а ачып алат. Таваф бүткөндөн кийин ридас
ын кайра мурдагы тавафка чейинки абалын
а келтирип алат. Анткени, изтиба кылуу тав
афка эле тиешелүү.







Анан кара ташка жакын
келип оң колу менен сы
лап, өбөт. Эгер өбүүгө
мүмкүнчүлүк болбосо,
колу менен сылап, ана
н колун өөп койот. А эг
ер колу менен сылоого
да мүмкүн болбосо, ан
да таягынын учун тийги
зип, аны өөп койсо бол
от. Эгер таяктын учун т
ийгизүүгө да мүмкүн бо
лбосо, анда кара таш т
арапка жүзүн буруп, ко
лун ошол тарапка ишар
а кылып койот, колун
өбүү керек эмес. Башка
ларга тыгын жаратып,
зыян берип, өзү да кый
налбоосу үчүн алыстан
таваф кылганы жакшы.

Ташты сылаганда же ага и
шаара кылганда "Аллаху А
кбар" деп айтат.

Анан он тарабын жүздөнүп, Каабаны сол тар
абына кылып айлана баштайт. Йемен бурчун
а жеткенде колу менен сылайт, өппөйт. Эгер
колу менен сылоого мүмкүн болбосо, тыгын
жаратууга болбойт, колу менен ишаара да кы
лбайт, жөн эле өтө берет.

Йемен бурчу менен кара таштын ортосунда:
"Робанаа аатина фиддуня хасана ва фил аах
ирати хасана ва кына азаабаннаар" деп дуба
кылып өтөт.

Кара таштын тушунан өткөн сайын "Аллаху а
кбар" деп ишаара кылып өтөт.

Ал эми тавафтын башка учурларында өзү ка
алаган дубаларды айтып, зикир кылып, Кура
н окуса болот.

Алгачкы үч тавафта "рамл" кылуу сүннөт. Ра
мл: кадамдарды жакын коюп, желип-жортуп б
асуу. Ал эми калган төрт тавафта рамл кылы
нбай, адаттагыдай эле жай басылат.



Жети жолу таваф кылып б
үткөндөн кийин "Макам Иброхим
"ге келип, бул аятты окуйт:

﴿...وَٱتَّخِذُواْ مِن مَّقَامِ إِبۡرَٰهِـۧمَ مُصَلًّىۖ...﴾ ،

"Ибрахимдин ордун намаз окуу
чу жай кылып алгыла".(Бакара, 125-аят).
Макам Ибрахимдин артында на
маз окуу мүмкүнчүлүгү болсо, эк
и ирекет намаз окуйт. А эгер тыг
ын болсо мечиттин каалаган же
ринде окуса болот. Намаздын б
иринчи ирекетинде "Фатихадан"
кийин

﴿قُلۡ يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

"Кул йаа аййухал каафируун" с
үрөсүн окуйт. (Каафирун, 1-аят). Экинчи
ирекетинде "Фатихадан" кийин

﴿قُلۡ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ﴾ .

"Кул хуваллаху ахад" сүрөсүн о
куйт. (Ихлас, 1-аят).

# Төртүнчү: Саъй кылуунун сыпаты

Тавафты бүтүрүп, эки ирекет намаз окугандан кийин са
ъй кылуучу жакка чыгат. Сафага жакындаганда:

﴿إِنَّ ٱلصَّفَا وَٱلۡمَرۡوَةَ مِن شَعَآئِرِ ٱللَّهِۖ...﴾

("Сафа жана Марва Аллахтын белгилеринен" деген аятт
ы окуйт. (Бакара, 158-аят).
Анан: "Аллах баштаган жактан баштайм" деп айтат.
"Аллах баштаган жерден баштаймын"[12].



12- Имам Муслим, 1218.

Андан кийин Сафага чыгып Кааба көрүнгөндө ага (же Кааба тарапты) жүздөнүп турат да, Аллахты ж алгыздап, такбир айтып: "Лаа илааха иллаллаху в ахдаху лаа шарика лах. Лахул мулку валахул хам ду. Ва хува алаа кулли шайиӊ кодир. Лаа илааха иллаллааху вахдаху, анжаза ваъдаху, ва насаро абдаху, ва хазамал ахзабу вахдаху" дейт. Бул дуб аны үч жолу кайталап, арасында башка дубалары н да кылат. "Лаа илааха иллаллаху вахдаху лаа ш арика лах. Лахул мулку валахул хамду. Ва хува а лаа кулли шайиӊ кодир. Лаа илааха иллаллааху ва хдаху, анжаза ваъдаху, ва насаро абдаху, ва хазим ал ахзабу вахдаху". Ушинтип үч жолу айтат. Биринч и жана экинчисинен кийин дуа кылат. (13).

---

Андан кийин Сафадан Марвага басып жөнөйт. Ж ашыл белгилер турган жерге жеткенде желип -жортуп жөнөйт. Экинчи жашыл белгиге жеткенде акырындап адатындагыдай баса баштайт. Аялда р жашыл белгиде деле чуркабай, акырын басат.

---

Марвага жеткенде Сафада кылган амалдарын кы лат.

---

Анан Марвадан Сафага карай басып жөнөйт. Жа шыл белгилер турган жерге жеткенде желип -жортуп жөнөйт. Экинчи жашыл белгиге жеткенде акырындап адатындагыдай баса баштайт.

---

Ошентип ары-бери басып жети "шавт" кылат. Са фадан Марвага барганы бир шавт, кайра Марвад ан сафага кайтып келгени бир шавт болуп эсепте лет.

ضيوف الرحمن
hajjumrh.com



Саъй кылып жүргөндө да өзү каалаган дубасын, зикирин айтып, Куран окуса болот.

## Бешинчиси: чачты алуунун жана кыскартуунун сыпаты:

Умра кылган эркек киши тавафты бүтүп, саъй кылгандан кийин чачын алдыруу же кыскартуу ваажыб. Чач алууда же кыскартууда баштын бардык тарабынан болуусу сүннөткө ылайык болот.

---

Чачты кырып алдыруу кыскартуудан жакшы. Бирок умрадан кийин ажылык убагы чач кайра өсүп жетишпей тургандай жакын калса, анда кыскартуу жакшы.

---

Ал эми аялдар чачынын уч жагынан бир сөөм кыскартып кыркып койот.

ضيوف الرحمن
hajjumrh.com



# Ихрамда тыюу салынган иштер.

## Ихрамда тыюу салынган иштер, булар:

Денесинин кайсы жерине болсо да чач, түктөрдү жулуу, кыркуу жана алуу.

---

Буттун же колдун кээ бир же бардык тырмактарын алуу.

---

Башты жабышкан нерсе менен жаап алуу, мисалы: такыя, селде, чалма, же риданын бир учун жаап алуу, чачык, жууркан, картон менен жаап алуу, ж.б. Бул өкүм эркектерге гана тиешелүү, аялдарга тиешеси жок.

Дененин формасына жараша тигилген адаттагы кийимдерди кийүү: узун көйнөк, ыштан, көйнөк, байпак, колкап ж.б. Бул тыюу эркектерге гана тиешелүү. Ал эми аялдар төмөнкү нерселерден тыйылат:

Никаб, паранжа же никаб сыяктуу кийим кийүүдөн. Жат эркектердин жанында жүзүн адаттагыдай маска менен жабуусу ваажыб, жабуусу бетине тийип калса деле эч нерсе эмес. Жабууну бетине тийгизбөө үчүн башына бир нерсе коюп жабуу шариятта жок.

Колдорун колкап кийүүдөн. Жат эркектердин арасында колдорун жоолугунун алдына жашыруусу ваажыб.

Денесине жана ихрамда кийген кийимине жыттуу нерселерди сүртүүдөн.

Кургактыктагы жан-жаныбарды өлтүрүүдөн же өлтүрбөй эле аңчылык кылуудан.

Өзүнө же башка бирөөгө (нике) жуучулук кылуудан.

Нике келишимин кылуудан.

Жакындык кылбастан, өбүшүү, кармалоо сыяктуу иштерден.

Жыныстык катнаш кылуудан.

ضيوف الرحمن
hajjumrh.com

# Умра амалынын кыскача мазмуну (мукбада же акыркы бетте болот).



Жууну

Жыттуу нерселерди сеп бинүү

Ихрам кийимин кийүү

Ихрам - амалдарды атка рууга кирүүгө ниет кылуу.

Талбия

Каабаны таваф кылуу

Макам Ибрахимдин арт жагында эки ирекет нам аз окуу

Сафа жана Марванын ор тосунда ары-бери басуу

Чачты кырдыруу же кыск артуу Аллах Билүүчү,

Мухаммад пайгамбарга Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

# Мазмуну


| | |
|---|---|
| Умранын жана анын өкүмдөрүнүн кыскача баяндамасы | 1 |
| Киришүү | 3 |
| Биринчи: Ибдаттын кабыл болуу шарттары | 4 |
| Экинчи: Умранын сыпатын жана өкүмдөрүн билип, үйрөнүүнүн өкүмү | 5 |
| Үчүнчү: умранын артыкчылыгы | 6 |
| Умранын аткарылуу сыпаты | 7 |
| Биринчи: мийкаттардын өкүмдөрү | 8 |
| Экинчиси: ихрамдын сыпаты жана өкүмдөрү | 9 |
| Үчүнчүсү: Тавафтын сыпаты | 11 |
| Төртүнчү: Саъй кылуунун сыпаты | 14 |
| Бешинчиси: чачты алуунун жана кыскартуунун сыпаты: | 16 |
| Ихрамда тыюу салынган иштер. | 17 |
| Умра амалынын кыскача мазмуну (мукбада же акыркы бетте болот). | 19 |

# تعرف على الإسلام
## بأكثر من 100 لغة

موسوعة القرآن الكريم
QuranEnc.com

ترجمات متقنة لمعاني القرآن الكريم بأكثر من (75) لغة

بيان الإسلام
byenah.com

مواد منتقاة للتعريف بالإسلام وتعليمه بأكثر من (120) لغة

موسوعة الأحاديث النبوية
HadeethEnc.com

ترجمات متقنة للأحاديث النبوية وشروحها بأكثر من (60) لغة

ضيوف الرحمن
hajjumrh.com

مواد منتقاة للحجـــــاج والمعتمرين و الزوار بلغات العالم

جامع المحتوى الإسلامي باللغات
islamcontent.com

مواد إسلامية متنوعة وشاملة بأكثر من (125) لغة

موسوعات وخدمات إسلامية باللغات
s.islamenc.com

للمزيد
من المواقع الإسلامية
بلغـــــات العـــالم

ضيوف الرحمن
hajjumrh.com

جمعية خدمة المحتوى
الإسلامي باللغات